**2024-жылдын 27-сентябрындагы “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун кароо маселеси тууралуу” жыйында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жактырылган “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата корутунду**

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 6-беренесине, Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитеттин катына ылайык, “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга республикалык бюджети жана 2026-2027-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата 03.10.2024-жылдагы № 6-8535 корутунду берилет.

2025-2027-жылдарга бюджеттин долбоорундагы эсептөөлөрдүн негизине, 2025-2029-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттарынын параметрлери алынган. 2025-2029-жылдарга экономикалык көрсөткүчтөрдүн болжолдоолорун иштеп чыгуу үчүн база болуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-июлундагы № 344 токтому менен жактырылган, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу эсептелет.

Б.а. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан учурдагы жылдын 31-мартынан кечиктирилбестен бекитилген, Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн орто мөөнөттүү болжолун бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктунун аткарылбаганы белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 82-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, орто мөөнөттүү мезгилге Фискалдык саясаттын негизги багыттары кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-июлунан кечиктирилбестен КР Министрлер Кабинетинин Кеңешинин чечими менен бекитилет жана КР Жогорку Кеңешке сунушталат.

Бирок, бул документ Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасында – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинде өткөн кеңешменин 2024-жылдын 17-августундагы №24-20 протоколу менен бекитилген.

**Республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү**

Мыйзамдын долбооруна ылайык, кирешелер төмөндөгүдөй берилген.

(млн. сом)

| Кирешелер | 2023-жыл, факт | 2024-жылы бекитил-ген бюджет | 2024-2023-жылдар-дагы четтөө-лөр | 2025-жылга долбоор | 2025-2024-жылдар-дагы четтөө-лөр |
|---|---|---|---|---|---|
| Салыктык кирешелер | 266082,9 | 318345,2 | +52262,3 | 359787,6 | +41442,4 |
| Алынган расмий трансферттер | 16206,3 | 17935,8 | +1729,5 | 13484,3 | -4451,5 |
| Салык эмес кирешелер | 75456,9 | 42124,6 | -33332,3 | 55508,7 | +13384,1 |
| **Бардык кирешелер** | **357746,1** | **378405,6** | **+20659,5** | **428780,6** | **+50375,0** |

Ошентип, 2024-жылга салыштырмалуу, республикалык бюджеттин кирешелерин 50 375,0 млн. сомго көбөйтүү каралууда, анын ичинен, салыктардын эсебинен - 41442,4 млн. сом, салык эмес кирешелер - 13384,1 млн. сом, расмий трансферттерди алуу - 4451,5 млн. сомго азайтылат.

Ошону менен бирге, ушул кезге чейин колдонуудагы салык мыйзамы менен каралган салык жеңилдиктерин жана бошотууларды азайтуу же жокко чыгаруу маселеси актуалдаштырылган эмес, алар мамлекеттин киреше потенциалына түздөн түз таасирин тийгизет.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудиттерине ылайык, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча айрым салык төлөөчүлөр үчүн, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык берилген салык жеңилдиктери, ИДПдан 4,4%ды же **54,1 млрд. сомду** түзөт.

Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, 2023-жылга берилген салык жеңилдиктерине жана бошотууларга жүргүзүлгөн талдоо, бардык жеңилдиктерден 58,0% үлүшү менен КНС боюнча берилген салыктык жеңилдиктер жана преференциялар абдан көп үлүштү ээлей тургандыгын көрсөткөн, андан ары 26,3% менен жеке киреше салыгы, 8,0% үлүшү менен киреше салыгы, 6,0% сатык салыгы жана 1,6% үлүшү менен мүлк салыгы турат.

Мамлекеттик салык кызматынын маалыматтык тутумунун маалыматтары боюнча импортко КНС боюнча бошотуунун негизги үлүшүн реактивдүү отун (21,3%), чет элдик валюта (19,4%), КММ, жабдуу, “Кумтор Голд Компани” ЖАКынын химикаттары (17,4%), буудай (14,4), дары-дармек каражаттары, медикаменттер (7,9%) жана айыл чарба продуктылары (8,0%) түзөт.

2022-жылга салыштырмалуу, 2023-жыл ичиндеги салык алынуучу импорттун көлөмү 10,6%га же 26,7 млрд. сомго өскөн, ошол эле учурда ушул мезгилдеги салыктан бошотулган импорттун көлөмү 47,0%га же 29,2 млрд. сомго өскөн.

2023-жыл ичинде ЕАЭБ өлкөлөрүнөн салыктан бошотулган импорттун 91,5 млрд. сом көлөмү менен, импортко КНСтин шарттуу жоготуусу 11,0 млрд. сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 12.10.2021-жылдагы ПЖ № 435 Жарлыгы менен бекитилген, “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын

өнүктүрүүнүн улуттук программасына” ылайык (4.4-пункт), "көмүскө" бизнести көмүскөдөн чыгаруунун жана адилеттүү салык салуу системасын түзүүнүн негизги багыттарынын бири болуп, акциздик салык салууну жана КНСти кайтаруу системасын жакшыртуу, ошондой эле салык жеңилдиктерин кыскартуу эсептелет.

Ошону менен бирге, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизги багыттарына туура келбестен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорунун формасындагы ченемдик-укуктук актылардын негизинде кайрадан салыктан бошотуулар берилген, алар ***2 402,3 млн. сом*** салыктардын жоготуусуна алып келген.

Ошону менен бирге, Мыйзам долбооруна карата Түшүндүрмө катта 2026-2027-жылдары республикалык бюджеттин болжолдонгон кирешесин аткаруу боюнча тоболкелдиктер болушу мүмкүн, деп белгиленген:

- 2025-2027-жылдары республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн болжолдоо көрсөткүчтөрүнө жетпей калуу;
- дүйнөлүк рынокто алтынга болгон баанын төмөндөшү;
- ЕАЭБ өлкөлөрүнөн жана үчүнчү өлкөдөн импорт көлөмүнүн азайышы;
- конкурстар жана аукциондор болбой калган учурда, жер казынасын пайдалануу укугуна конкурстарды жана аукциондорду өткөрүүдөн каражаттардын жеткире түшпөй калуу тобокелдиги.

## Республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүн түзүү

Финансылык активдерди эсепке алуу менен, республикалык бюджеттин функционалдык классификациясы боюнча чыгымдарга 506545,4 млн. сом каралган, бул болсо, 2024-жылга каралгандан 57307,5 млн. сомго көп жана 2022-жылга салыштырмалуу 99248,6 млн. сомго көп.

Ошону менен бирге, кирешелердин 50375,0 млн. сомго өсүүсү менен, чыгымдардын өсүүсү 57307,5 млн. сомго каралгандыгы белгиленген, бул болсо, каралган милдеттенмелердин башында эле аткарылбай калуу тобокелдигине алып келет.

(млн. сом)

| Бөлүмдөрдүн аталышы | 2023-жыл, факт | 2024-жылга бекитил-ген | 2024-2023-жылдар, четтөө-лөр | 2025-жыл, долбоор | 2025-2024-жылдар, четтөө-лөр | % ИДП | Жалпы чыгым-дарга карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы (финансылык активдерди эсепке алуу менен)*** | **407 296,8** | **449 237,8** | **41941,0** | **506 545,4** | **57 307,5** | **31,2** | **100** |
| I. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 117 426,8 | 123 312,1 | +5885,3 | 114 927,5 | -8 384,5 | 7,1 | 22,7 |
| IV. Экономикалык маселелер | 117 601,5 | 169 550,5 | +51949,0 | 190 742,3 | 21 191,8 | 11,7 | 37,7 |
| V. Курчап турган чөйрөнү коргоо | 1 781,0 | 1 795,6 | +14,6 | 2 046,8 | 251,2 | 0,1 | 0,4 |
| VI. Турак жай жана | 3 605,6 | 1 777,5 | -1828,1 | 28,1 | -1 749,3 | 0 | 0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | | | | | | | |
| VII. Саламаттык сактоо | 8 873,3 | 9 522,4 | +649,1 | 39 305,4 | 29 783,0 | 2,4 | 7,8 |
| VIII. Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 7 760,2 | 7 631,4 | -128,8 | 9 568,0 | 1 936,6 | 0,6 | 1,9 |
| IX. Билим берүү | 71 580,4 | 65 721,2 | -5859,2 | 68 829,4 | 3 108,2 | 4,2 | 13,6 |
| X. Социалдык коргоо | 20 446,5 | 22 600,7 | +2154,2 | 22 843,5 | 242,8 | 1,4 | 4,5 |

Чыгымдардын жогорку деңгээли төмөндөгү бөлүмдөргө туура келет: “Экономикалык маселелер” - 190 742,3 млн. сом, же жалпы чыгымдарга карата 37,7 % жана ИДПга карата 11,7 %, “Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар” - 114 927,5 млн. сом же 22,7 %, (7,1 %), “Билим берүү” - 68 829,4 млн. сом же 13,6 %,(4,2 %), “Саламаттык сактоо” - 39 305,4 млн. сом же 7,8 % (2,4 %), “Социалдык коргоо” - 22 843,5 млн. сом же 4,5 % (1,4 %) жана калган бөлүмдөргө – 13,7 %.

Чыгымдардын олуттуу өсүүсү “Саламаттык сактоо” бөлүмү боюнча 29 783,0 млн. сом каралган, бул болсо, бардык чыгымдардын көбөйүшүнөн 52,0 %ды түзөт. “Экономикалык маселелер” боюнча чыгымдар - 21191,8 млн. сомго, “Билим берүү” - 3108,2 млн. сомго көбөйгөн.

88 бюджет алуучу боюнча 2025-жылга республикалык бюджетте ведомстволук классификация боюнча чыгымдарга 506545,4 млн. сом көлөмүндөгү каражат салынган, анын ичинен, кезектеги бюджет - 437 431,7 млн. сом, атайын эсептин каражаттары - 24 866,4 млн. сом, мамлекеттик инвестициялар – 44247,6 млн. сом.

Бир кыйла бөлүнгөн акча каражаттары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине каралган, жалпы мамлекеттик программаларга, иш чараларга жана төлөмдөргө – 230 876,9 млн. сом же кезектеги чыгымдарга карата 52,8 %. Алар боюнча операциялык чыгымдарга - 118 184,3 млн. сом, финансылык эмес активдерге – 19037,4 млн. сом, финансылык активдерге – 93 655,2 млн. сом каралган.

Кийинки “салмак категориясы” боюнча чыгымдар төмөндөгүлөргө сунушталган: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине - 61782,7 млн. сом (14,1 %), Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине – 36110,6 млн. сом (8,2%), Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине КР – 21818,7 млн. сом (5,0 %) ж.б.у.с.

Экономикалык классификация боюнча эмгек акы 128 082,8 млн. сом көлөмүндө каралган, же бюджеттин ыкчам чыгымдарына карата 39,6 %, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, пайдалануу – 70603,5 млн. сом (21,8 %), мамлекеттик карыз боюнча пайыздарды төлөө – 23574,2 млн. сом (7,3 %), гранттар жана төгүмдөр – 61973,0 млн. сом (19,2 %), социалдык төлөмдөр жана жөлөк пулдар – 21102,8 млн. сом (6,5 %), жана башка чыгымдар – 17739,4 млн. сом (5,4 %).

“Кыргыз Республикасынын 2025-жылга республикалык бюджети жана 2026-2027-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун (мындан ары – Мыйзам долбоору) 2-тиркемесине ылайык төмөндөгүлөр орун алган.

1. 2025-жылы республикалык бюджеттин кирешелеринин **428780,6 млн. сомго** келип түшүүсү каралган, анын ичинен:

- Салыктык кирешелер – 359787,6 млн. сом;
- Алынган расмий трансферттер – 13484,3 млн. сом;
- Салык эмес кирешелер – 55508,6 млн. сом.

2. Финансылык активдерди эсепке албастан, жыйынды чыгымдар **402674,8 млн. сомду** түзгөн, анын ичинен:

- Кезектеги чыгымдар – 323322,5 млн. сом;
- Финансылык эмес активдерди сатып алуу – 79352,3 млн. сом.

3. Бюджеттин профицити **26105,8 млн. сомду** түзгөн, ал кирешелердин (428780,6) жана финансылык активдерди эсепке албастан, чыгымдардын (402674,8) айырмасы катары түзүлгөн, бул болсо, активдер менен операцияларды каржылоо үчүн каралган.

4. Мыйзам долбоору менен, кредиттерди, ссудаларды жана зайымдарды берүү түрүндө бюджеттин чыгымдарына - **20836,5 млн. сом** жана акцияларды сатып алууга - **83034,1 млн. сом** каралган.

✓ Алсак, кредиттерди, ссудаларды жана зайымдарды берүүгө ***20836,5 млн. сом,*** анын ичинен: кайрадан кредиттелген МИД - 9250,6 млн. сом, финансылык-кредиттик уюмдар алдындагы кепилдик - 1500,0 млн. сом, “Кыргызнефтегаз” ААКсы - 4043,5 млн. сом, “БШЗ” МИ - 1200,0 млн. сом, Камбар-Ата ГЭСинин курулушу – 1567,8 млн. сом, “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКсы - 2254,0 млн. сом, Баткен областынын ишкердик субъекттерине жардам көрсөтүү – 25,4 млн. сом, жаратылыш кырсыктарын жоюу боюнча иш чаралар – 30,0 млн. сом, Ысык-Көл областын өнүктүрүү фонду (атайын эсеп) – 350,0 млн. сом, Областтарды өнүктүрүү фонддору (атайын эсеп) – 400,0 млн.сом, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги – 214,7 млн. сом.

Бюджеттик кредиттерди төлөөгө ***58783,5 млн. сом*** каралган, анын ичинен: экономиканын энергетикалык сектору (“КУЭТ” ААКсы, “ЭС” ААКсы) – 57065,8 млн. сом ж.б.

**Же, бюджеттин кошумча ресурстарын алууга 37947,1 млн. сом** (20836,5-58783,5) **каралган.**

✓ Акцияларды сатып алууга жана капиталдаштырууга чыгымдарга **83034,1 млн. сом** каралган, анын ичинен, экономиканын энергетикалык сектору (“КУЭТ” ААКсы, “ЭС” ААКсы) - 57065,8 млн. сом, “Мамлекеттик ипотекалык компания” ААКсы - 12000,0 млн. сом, экономикалык өнүгүү долбоорлорун каржылоо - 4605,9 млн. сом, “Элдик Банк” ААКсы - 2462,1 млн. сом, “Айыл Банк” ААКсы - 2262,1 млн. сом, “Агрохолдинг” ААКсы - 220,0 млн. сом, “ММК “Ишкердикти өнүктүрүү фонду” ААКсы - 500,0 млн. сом, “Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясы” ААКсы - 1500,0 млн. сом, Кытай-

Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун курулушу боюнча биргелешкен долбоорлоо компаниясынын уставдык капиталына Кыргыз Республикасынын салымы - 2418,2 млн. сом.

**Же, акцияларды сатып алуу үчүн, бюджеттин ресурстарындагы кошумча керектөө 83034,1 млн. сомду түзгөн.**

Акцияларды сатып алуу жана кредиттерди, ссудаларды жана зайымдарды берүү үчүн, **бюджеттин ресурстарындагы кошумча керектөө бардыгы болуп <u>18981,2 млн. сомду түзөт, бюджеттин баштапкы профицитин эсепке алуу менен - 26105,8 млн. сом, кредиттерди төлөө боюнча операциялар - 37947,1 млн. сом жана капиталдаштыруу – 83034,1 млн. сом (</u>26105,8 +37947,1-83034,1).**

5. Кошумча керектөөнү каржылоо үчүн, 34000,0 млн. сомго баалуу кагаздарды (МКО, МКВ) чыгаруу каралган, 14840,5 млн. сомго баалуу кагаздарды төлөө пландалган.

**Же, бюджеттин кошумча керектөөсүнө 19159,5 млн. сом** (34000,0-14840,5) багытталган.

6. Тышкы карыз алуу 37561,3 млн. сом суммасында каралган, тышкы карызды төлөөгө 41239,6 млн. сом багытталат.

**Же тышкы карыздарды төлөө үчүн бюджеттин кошумча керектөөсү 3678,5 млн. сомго (37561,3-41239,8) каралган.**

7. Ошентип, жалпы бюджеттик ресурстарга болгон кошумча муктаждык төмөнкүдөй: кредиттер, ссудалар жан зайымдарды чыгаруу жана акцияларды сатып алуу үчүн – 18981,2 млн. сом, тышкы карыздарды төлөө үчүн 3678,5 млн. сом, <u>**жалпысынан 22659,5 млн. сом,**</u> аларды каржылоо үчүн төмөндөгүлөр каралган:

- баалуу кагаздарды чыгаруу боюнча операциялардын жыйынтыгы – <u>**19159,5 млн. сом**</u>;

- операциялардын башталышына карай эсептеги калдыктар – <u>**3500,0 млн. сом**</u>.

Мында, капиталдаштырууга багытталган каражаттардын бөлүгү бюджетке бюджеттик кредиттер боюнча карыздарды төлөө түрүндө кайрадан кайтарылат, бул энергетикалык тутумда байкалууда: (“КУЭТ” ААКсы, “ЭС” ААКсы) капиталдаштырууга 57065,8 млн. сом багытталууда, алар бюджеттик кредиттерди төлөө түрүндө кайтарылат.

Муну менен бирге, 2023-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча биз тараптан бул каражаттарды кайрадан бюджетке мобилизациялоого байланыштуу уставдык капталды жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын жасалмалуулугу жана натыйжасыздыгы жана аларды финансылык чыңдоо, модернизациялоо жана активдерди капиталдаштыруу (негизги фонддор) боюнча кандайдыр-бир иш-чараларды жүргүзүү мүмкүн болбогондугуна байланыштуу экендиги көрсөтүлгөн.

Ошондой эле, сунушталган Мыйзам долбоорун бюджеттин тартыштыгын жоюунун финансылык инструменти катары саналган жана анда

болжол менен 37,6 млрд. сом көлөмүн ээлеген, мамлекеттик инвестиция долборлорун ишке ашыруу бөлүгүндө аткарбай калуу тобокелдиги бар экендиги белгиленет.

Көрсөтүлгөн тобокелдиктер ошондой эле Мыйзам долбоорунун Түшүндүрмө катында актуалдаштырылган, атап айтканда, акыркы 10 жылда мамлекеттик инвестициялардын бюджетин орточо алганда 8,0 млрд. сомго кыскартуу жүрүүдө. 2023-жылы МИ бюджети дээрлик 13,0%га (6,2 млрд. сомго) кыскартылган.

Мындан тышкары, орточо алганда такталган бюджет болгону 86,7%га аткарылууда.

Бул, мамлекеттик инвестициялардын бюджетин түзүүдө Аткаруучу жана Ишке ашыруучу агенттиктер реалдуу эмес жана негизсиз маалыматтарды бергендигине байланыштуу болууда.

Ошондой эле Фискалдык саясаттын негизги багыттарынын (мындан ары - ФСНБ) көрсөткүчтөрүнөн жана бюджеттеринин болжолдорунан факты жүзүндөгү жыйынтыктардын четтөөлөрүнө алып келүүчү фискалдык тобокелдиктер белгиленген. Эгерде бюджет пландаштырылгандан чоң суммаларды төлөп берсе, тобокелдикти материалдаштыруу орун алат, анда ошол эле факторлор келечектеги тобокелдиктерди материалдаштыруунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Ички карыз учурунда, тобокелдик Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик коюмунун өзгөрүшүнө байланыштуу, себеби, мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүк МБК рыногунун катышуучулары тарабынан, анын ичинде күтүлүп жаткан инфляцияны жана учурдагы эсептик коюмдун өлчөмүн, ошондой эле кыска мөөнөттүү МБК портфелинин көлөмүн эске алуу менен белгиленет. Мындан тышкары, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруунун өсүшү республиканын ички мамлекеттик карызын өстүрөт.

Алсак, республикалык бюджеттин аткарылышына аудиттин жыйынтыгы боюнча 2023-жылы 54 640,9 млн. сомго МБК чыгарууда, алар үчүн 38 046,1 млн. сом алынган, дисконт 16 594,8 млн. сомду түзгөн.

34000,0 млн. сом ресурстун келип түшүүсү үчүн, МБК түрү боюнча 11,86 % ден 16,39 %га чейин МБК орточо алынган кирешелүүлүгүндө болжол менен 44 200,0 млн. сомго баалуу кагаздарды чыгаруу талап кылынат, бул тийиштүү түрдө ички мамлекеттик карыздын ушул суммага жогорулашына алып келет, купондук коюмду эсепке албастан, башкача айтканда, тобокелдиктин материалдашуусу жүрөт.

МБКны чыгаруунун көбөйүшүнө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.11.2022-жылдагы № 616 “Мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жолу менен курулуш, капиталдык оңдоо, реконструкциялоо объекттерин каржылоо жана мамлекеттик органдардын кредитордук карыздарын төлөө механизмдерин бекитүү жөнүндө” токтомун аткаруу таасир этиши мүмкүн, анткени, Мыйзам Долбоорунда булар жөнгө салынган эмес.

Аталган долбоорду финансылык администрлөөнүн “пилоттук долбоору” жок болгондуктан, Санариптик Казыналык Милдеттенмелерди олуттуу көлөмдөгү - 20,0 млрд. сомду администрлөөнү финансылык аспап ишке киргизүүнүн “оптимисттүүлүгү” тууралуу белгиленет. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин санариптик казыналык милдеттенмелерин чыгаруу, эсепке алуу, пайдалануу жана төлөө тартиби жөнүндө жобо Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-январындагы № 6 токтому менен бекитилген.

2025-жылга Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджетинин (экономикалык классификация боюнча чыгымдар: операциялык чыгымдар, финансылык эмес активдер, финансылык активдер) 7-тиркемесинде Республикалык бюджеттен облустарды (1039,6 млн.сом) жана райондорду өнүктүрүү (1671,7 млн.сом) фонддорун каржылоо позициясында өзүнчө 13-берене менен Ош жана Баткен облустарын өнүктүрүү фонддорун – 300,0 млн сомго жана райондорду өнүктүрүүнү - 834,4 млн. сомго каржылоо киргизилген.

Тышкы мамлекеттик карызды тейлөө боюнча чыгымдар курамында “Башка классификацияланбаган чыгымдар” бөлүгү боюнча 53,8 млн.сом суммасы өздөштүрүлбөгөндүгү үчүн комиссияларды төлөө боюнча алдын ала төлөмдөр болжолдонууда.

“2025-2027-жылдарга мамлекеттик инвестициялар бюджетинин” 8-тиркемесинде 44250,2 млн. сом суммасындагы каржылоо ачык эмес жана чыгымдар категориясы боюнча бөлүштүрүлбөстөн, жалпы чыгымдар түрүндө (товарлар, кызмат көрсөтүүлөр, консультациялык чыгымдар, операциялык чыгымдар) толук эмес болжолдонууда.

Мыйзам долбоорунун “Теңдөөчү гранттардын өлчөмдөрү” 13-тиркемесинде, 2023-жылдын көрсөткүчтөрүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы № 248 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин факты жүзүндө аткаруунун ордуна мыйзамдуу бекитилген көлөм (3098,6 млн.сом) көрсөтүлгөн.

Мыйзам долбоорунда **жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалардын** жетишсиздиги белгиленген, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренеси менен каралган, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчанын көлөмү **8757,9** млн. сомду түзгөн бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмү менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акчалар 1500,0 млн. сом өлчөмүндө каралууда.

“Жалпы мамлекеттик программаларда, иш чараларда жана төлөмдөрдө” каралган, экономикалык өнүгүү долбоорлорун ачык эмес каржылоодогу **6776,47 млн. сом,** ыйгарым укуктуу орган тарабынан республикалык бюджетти аткаруунун жүрүшүндө кайрадан бөлүштүрүлөт.

**Корутунду**

“Кыргыз Республикасынын 2025-жылга республикалык бюджети жана 2026-2027-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору оптимисттик түрдө түзүлгөн, балансталган: бардык каралган чыгымдарда каржылоо булактары берилген.

Фискалдык саясатты оптималдоо максатында, натыйжасыз салыктык жумшактыктарды четтетүү жана кирешелердин жыйналышын көбөйтүү зарылдыгы менен, салыктык жеңилдиктердин натыйжасыздыгын кароо зарылдыгы бар.

Корутундуда көрсөтүлгөн эскертүүлөр жана 2025-жылга республикалык бюджетти бекитүүдөгү жана аткаруудагы тобокелдиктер эске алынсын.

2025-2027-жылдары “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга республикалык бюджети жана 2026-2027-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынгандан кийин демилгелер менен пландалбаган жаңы чыгымдарга байланыштуу тобокелдиктер бар.

**Аудитор** **В. Садовников**